Бекитемин
Кочкор РИИБнун начальниги
_______Мырсалиев М

Бекитемин
Азис Абдыкеримов атындагы орто мектеби
_______Тезекбаев М К

**2018-2019-окуу жылына карата Кочкор райондук ички иштер бөлүмүнүн жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясы жана Азис Абдыкеримов атындагы орто мектеби окуучулар арасында кылмыштуулукту, диний экстремизмди болтурбоо жана алдын алуу максатында түзгөн иш планы.**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Кылымыштуулукту алдын алуу боюнча иш планды түзүү, бекиттирүү | Сентябрь | ТИУ, Соц педагог,ИДН |
| 2 | «Милициянын жаш жардамчысы» командасын түзүү, бурчун уюштуруу | Сентябрь | ТИУ, ИДН |
| 3 | Кылмыштуулукту алдын алуу, аракечтик бангизат, тартип бузуучулук, налог салуу, уурулук деген темалар боюнча тарбиялык сааттарды жана аңгемелешүүлөрдү өткөрүү | Ай сайын | ТИУ, Соц педагог, ИДН, Класс жетекчилер, Ата-энелер комиттетинин төрайымы |
| 4 | Сабактан качкан, тартип бузган, окуучулар менен жеке иш алып баруу | Дайыма | ТИУ, ИДН, Класс жетекчилер, класстагы ата-энелер комиттети |
| 5 | Кечкисин дүкөндө, жеке ишканаларда иштеген окуучулар жана ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана көзөмөл (рейддерди) жүргүзүп туруу | Өз убагында | ТИУ, Соц педагог, ИДН, МЖД, класстагы ата-энелер комиттети |
| 6 | Мектеп көзөмөлүнө алынган окуучуларды коомдук иштерге, кружокторго тартуу | Дайыма | ТИУ, ИДН, милициянын жаш достору |
| 7 | Үйлөрдө жана кафелерде окуучуларга олтуруштарды болтурбоо үчүн ата-энелер менен иш алып баруу жана көзөмөлдөө | Дайыма | ТИУ,ИДН,МЖД,класстын ата-энелер комиттети,мектептин жалпы ата-энелер комиттети,мүчөлөрү |
| 8 | Аноним кутучасын уюштуруу жана тематикалык сурамжылоолорду жүргүзүп туруу | Ай сайын | ТИУ, Соц педагог, ИДН |
| 9 | Алкоголизмдин зыяндуулугун билесиңби? Тарбиялык саат | Декабрь | 8-9-10-11-класстын класс жетекчилери |
| 10 | Диний экстремизм деген эмне? (Чогулуш) | Декабрь | ТИУ,Соц педагог, ИДН |
| 11 | Тамеки, Насвайдын зыяндуулуктары (Тарбиялык саат) | Январь | Класс жетекчилер |
| 12 | Патриот окуучуларга кимдер кирет? (Анонимдик сурамжылоо) | Февраль | ТИУ, Соц педагог |
| 13 | Рэкетчиликтин аягы эмнеге алып барат?Жогорку класстын окуучулары менен аңгемелешүү | Февраль | ТИУ,Соц педагог, ИДН |
| 14 | «Спорт ден соолуктун булагы» спорттук оюндар боюнча таймаш | Март | ТИУ, Дене тарбия мугалимдери, милициянын жаш достору |
| 15 | Биздин мектепте рекетчилик барбы? (Анонимдик сурамжылоо) | Апрель | ТИУ, БӨУ |
| 16 | «Ден соолук көркү - спорт» Баскетбол боюнча окуучулар арасында таймаш | Май | ТИУ, Дене тарбия мугалимдери, милициянын жаш достору |
| 17 | Быйыл мектепте милициянын жаш досторунун кандай жетишкендиктери жана кемчиликтери болду? (Анонимдик сурамжылоо) | Май | ТИУ, Соц педагог, ИДН |
| 18 | Мектепте аткарылган иштер, өткөрүлгөн иш чаралар тууралуу өз убагында отчет берип туруу | Өз убагында | ТИУ, Соц педагог, ИДН |

Түзгөн ТИУ: _______Алымбек кызы Махабат

Бекитемин
Кочкор РИИБнун начальниги
_________Мырсалиев М

Бекитемин
Азис Абдыкеримов атындагы
орто мектебинин директору
_____________Тезекбаев М К

**2019-2020-окуу жылына карата Кочкор райондук ички иштер бөлүмүнүн жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясы жана Азис Абдыкеримов атындагы орто мектеби окуучулар арасында кылмыштуулукту, диний экстремизмди болтурбоо жана алдын алуу максатында түзгөн иш планы.**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Кылымыштуулукту алдын алуу боюнча иш планды түзүү, бекиттирүү | Сентябрь | ТИУ, Соц педагог,ИДН |
| 2 | «Милициянын жаш жардамчысы» командасын түзүү, бурчун уюштуруу | Сентябрь | ТИУ, ИДН |
| 3 | Кылмыштуулукту алдын алуу, аракечтик бангизат, тартип бузуучулук, налог салуу, уурулук деген темалар боюнча тарбиялык сааттарды жана аңгемелешүүлөрдү өткөрүү | Ай сайын | ТИУ, Соц педагог, ИДН, Класс жетекчилер, Ата-энелер комиттетинин төрайымы |
| 4 | Сабактан качкан, тартип бузган, окуучулар менен жеке иш алып баруу | Дайыма | ТИУ, ИДН, Класс жетекчилер, класстагы ата-энелер комиттети |
| 5 | Кечкисин дүкөндө, жеке ишканаларда иштеген окуучулар жана ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана көзөмөл (рейддерди) жүргүзүп туруу | Өз убагында | ТИУ, Соц педагог, ИДН, МЖД, класстагы ата-энелер комиттети |
| 6 | Мектеп көзөмөлүнө алынган окуучуларды коомдук иштерге, кружокторго тартуу | Дайыма | ТИУ, ИДН, милициянын жаш достору |
| 7 | Үйлөрдө жана кафелерде окуучуларга олтуруштарды болтурбоо үчүн ата-энелер менен иш алып баруу жана көзөмөлдөө | Дайыма | ТИУ,ИДН,МЖД,класстын ата-энелер комиттети,мектептин жалпы ата-энелер комиттети,мүчөлөрү |
| 8 | Аноним кутучасын уюштуруу жана тематикалык сурамжылоолорду жүргүзүп туруу | Ай сайын | ТИУ, Соц педагог, ИДН |
| 9 | Алкоголизмдин зыяндуулугун билесиңби? Тарбиялык саат | Декабрь | 8-9-10-11-класстын класс жетекчилери |
| 10 | Диний экстремизм деген эмне? (Чогулуш) | Декабрь | ТИУ,Соц педагог, ИДН |
| 11 | Тамеки, Насвайдын зыяндуулуктары (Тарбиялык саат) | өз убагында | Класс жетекчилер |
| 12 | Патриот окуучуларга кимдер кирет? (Анонимдик сурамжылоо) | Февраль | ТИУ, Соц педагог |
| 13 | Рэкетчиликтин аягы эмнеге алып барат?Жогорку класстын окуучулары менен ангемелешүү | Февраль | ТИУ,Соц педагог, ИДН |
| 14 | «Спорт ден соолуктун булагы» спорттук оюндар боюнча таймаш | өз убагында | ТИУ, Дене тарбия мугалимдери, милициянын жаш достору |
| 15 | Биздин мектепте рекетчилик барбы? (Анонимдик сурамжылоо) | Апрель | ТИУ, БӨУ |
| 16 | «Ден соолук көркү - спорт» футбол боюнча окуучулар арасында таймаш | Май | ТИУ, Дене тарбия мугалимдери, милициянын жаш достору |
| 17 | Быйыл мектепте милициянын жаш досторунун кандай жетишкендиктери жана кемчиликтери болду? (Анонимдик сурамжылоо) | Май | ТИУ, Соц педагог, ИДН |
| 18 | Мектепте аткарылган иштер, өткөрүлгөн иш чаралар тууралуу өз убагында отчет берип туруу | Өз убагында | ТИУ, Соц педагог, ИДН |

Түзгөн ТИУ: Арыкбаева Үмүт

ЖӨИИнын инспектору Тиленбекова Венера

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ НАРЫН ОБЛУСУ КОЧКОР РАЙОНУ АЗИС АБДЫКЕРИМОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ КОЧКОРСКИЙ РАЙОН СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ АЗИСА АБДЫКЕРИМОВА**

---

**ЖОИИнын Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинде өтүлгөн окуучулар чогулушунун токтому**

Күнү 12-октябрь 2021-жыл

Чогулуштун төрагасы: Тезекбаев М

Чогулуштун катчысы: Арыкбаева Ү

Катышкандар: 11-класстын окуучулары

БИИнын аймактык тескөөчүсү милициянын ага лейтенанты Тиленбекова Венера

**Күн тартибинде каралуучу маселелер-3**

**1- Окуучулардын телефон колдонуусун көзөмөлдөө**

**2- Кылмыштуулукту алдын алуу**

**Мектеп директору Тезекбаев Максатбектин сөзү**: Саламатсыздарбы урматтуу окуучулар. Бүгүн сиздерге БИИнын аймактык тескөөчүсү милициянын ага лейтенанты Тиленбекова Венера эженер окуучулардын телефон колдонуусу жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзмөкчү.

Угулду **1-маселе** боюнча БИИнын аймактык тескөөчүсү милициянын ага лейтенанты В.Тиленбекованын сөзү: Урматтуу окуучулар биздин бүгүнкү темабыз Кылмыштуулуктун алдын алуу жана телефон колдонгондогу чектөөлөр боюнча өтүлмөкчү.Кылмышты ким жасайт жана эмне үчүн, эмне түрткү берет? Азыркы учурда кылмыштуулукка алып барып жаткан негизги курал бул телефон болуп жатат.Ал телефон менен түнкү саат 3-4 чейин отуруп алып ар кандай оюндарга,ватсап менен ар кандай группаларга, сайттарга кирип, кылмыштуулукка суицидке барып жатат. Телефонду мектепке алып келгенге тыюу салынат. Телефондон ар кандай оюндарга

кирип, ар кандай зордук зомбулук багытында мушташкан, атышкан психологияга терс таасирин тийгизген видео,оюндарды көрбөгүлө.Телефонду пайдалуу жактарга колдонууга үйрөнгүлө.Өзүнөргө керектүү жакшы маалыматтарды алгыла.

**2-маселе** боюнча кайрылсак Кылмыштуулуктуу алдын алуу боюнча эң биринчи кезекте кечинде көчөгө чыкпоо, бири биринерге салык салбоо, өзүңөрдөн улууларга кичүүлөргө акарат келтирбей, сыйлоо керек. Кечинде саат 7.00дөн баштап көчөдө жүрбөш керек, себеби бирөөнүн үйүнөн кандайдыр бир нерсе жоголсо, же кеч киргенде көчөдөн машина катуу келе жатып коюп кетсе күнөөлүү болуп каласың. Бирөөлөрдү ызалантып же сени бирөө ызалантса сөзсүз эле өзүн өзү өлтүрүүгө алып барыш керек деп ойлойсунарбы? Муну башка бирөөлөр менен айтып чечип алса болобу? Адамдын жашоосу өзү эле кыска, сөзсүз өзүн өзүн өлтүрүүгө баруу керек эмес. Азыркы учурда эң кеңери көйгөй – бул аракечтик, тамеки чегүү, насвай алдыңкы орундарда турат. Арак ичүү бул адамдын организмине терс таасирин тийгизип, мээнин клеткаларын жабыркатат. Азыркы учурда силердин организмиңер андай нерселерге туруштук бере албай, тез жаман адаттарга көнүп кетесиңер. Аракечтик бул негизи окуучулар олтурушка барганда башталат. Ошондуктан олтуруштарды болтурбоо керек. Дүкөндөргө улуу адамдар аракка же тамеки, насвайга жумшаса барбоо керек. Себеби жашы жете элек өспүрүмдөргө арак, тамеки, насвай сатылбайт.

Жогорудагыларды угуп чогулуш ТОКТОМ кылат:

1.Окуучулвардын мектепке телефон алып келбөөсүн көзөмөлдөө жана ата-энелерге балдардын телефондорун текшерип туруусун жеткирүү класс жетекчиге милдеттендирилсин.

1. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп эскертилди, көзөмөлдөө иши мектептин тарбия иштеринин уюштуруучусуна милдеттендирилсин.

Чогулуштун төрагасы: Тезекбаев М

Чогулуштун катчысы: Арыкбаева Ү

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
КОЧКОР РАЙОНУ
АЗИС АБДЫКЕРИМОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КОЧКОРСКИЙ РАЙОН
СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ АЗИСА АБДЫКЕРИМОВА

# ЖОИИнын Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинде өтүлгөн окуучуларга өтүлгөн лекциянын токтому

14.05.2021-жыл Ак-талаа айылы

## Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин 9-10-11-класстарынын окуучуларына өткөрүлгөн жыйналыштын ТОКТОМУ

**Катышкандар:**Мектеп директору М. Тезекбаев, Кочкор РИИБнин милициянын ага лейтенанты А.Алыбеков жана 9-10-11-класстарынын окуучулары жана мугалимдер.

Күн тартибиндеги маселе:

1. Эрте турмуш куруунун кесепети
2. Зордук зомбулуктун алдын алуу
3. Кылмыштуулукту болтурбоо

Угулду **1-маселе** боюнча ЖОИИнын аймактык тескөөчүсү миллициянын лейтенанты В.Тиленбекованын сөзү: Урматтуу окуучулар биздин бүгүнкү биринчи маселебиз «Эрте никеге туруунун кесепети» боюнча өтүлмөкчү. Жашоодо өмүрлүк жар жана кесип тандоодо жаңылбаш" керек деп бекеринен айтылбаган чыгаар. Себеби, бул экөө тең – олуттуу кадам жана аны шашпай, кылдаттык менен жасоо керек! Өзгөчө, кичинекей мамлекетти куруу – оюнчук эмес. Анан ушундай олуттуу кадамды качан жасаш керектиги туурасында ар бир кыз өмүрүндө жок дегенде бир жолу ойлонсо керек. Кыз дегенибиз, алар – эркектерге салыштырмалуу бул жаатта эмоционалдуу келишип, анын үстүндө көп ойлонуп, тынчсызданышат. А эркектер, "Кыз сүйсө, калат, бала сүйсө, алат" деп коюп жүрө беришет. Анын үстүнө, кыргыздарда баш кошуу туурасындагы демилгени эркектер гана колго албаса, кыздар – ошол демилгечинин гана сунушун күтүп жүрө беришет. Эми, ар кимдин ою – ар кандай. Бирөө 18 жашында эле даяр болсо, башкасы 30 жашында деле ойлонуп, бойдок жүрө берет. Ошентсе да, канча жашта турмуш куруу керектиги туурасында жалпылашкан эрежелерди да эске алып коюу – туура. Ал үчүн ар кандай куракттагы аялзатынын психологиясын изилдеп, алардын бактылуу үй-бүлө туурасындагы элестетүүлөрүн өзүңүздүкү менен салыштырып, чечим чыгарыңыз. Бирок 18 жашта турмушка чыгуу – эртелик кылат. Биринчиден, бул жашта кыз –

моралдык жактан дагы, физикалык жактан дагы толук калыптана элек болот. Экинчиден, мындай эрте жашта курулган үй-бүлө – шашылыш чечим чыгаруудан куралат. Тагында, бири-бирин сүйүшкөн жаштар, эмоцияга алдырып, акылга эмес, сезимге баш ийип үйлөнүп алышат. 18 жаштагы кыздарда – ата-энесинен бөлүнүп, өзүн-өзү билгиси келген каалоо күч алат. Ушундан улам, алар турмушка чыгууну – эркиндикке чыгуудай элестетишет. Көпчүлүк кыздар, “Качанкыга чейин ата-энемдин айтканын кылып жүрө берем? Үй-бүлө курсам, өзүмө-өзүм кожойке боло алам” деп айтышат. Себеби, алар үй-бүлө куруу менен милдеттер – мурдагыдан да көбөйөөрүн биле беришпейт. Жыйынтыгында, кыз – “Аңгектен качам деп, дөңгөккө” тушугат. Андыктан, психологдордун баары: 18 жашта турмуш куруу – психологиялык маселелерди жаратып, кыйроолорго алып келээрин айтышат. 18 жаш – үй-бүлө курууга өтө аз. Бул жаштагы кыздар, андан көрө өзүн-өзү өнүктүрүп, жашоодогу ордун табууга аракет жасашы керек!

Экинчи маселе боюнча: Кочкор РИИБнин милициянын ага лейтенанты А.Алыбеков: Үй бүлөөлүк зордук зомбулукту болтурбаш керек экендигин жана балдардын бири-бирине коркутуп налог салып, моралдык жактан сөз менен басынтса да зордук зомбулукка кирээрин белгилеп, балдарды тартиптүү болууга чакырды. Андан сырткары эч себепмиз кечки убактарда эшикке чыккан балдарга тартип бузуучулук иринээрин эскертти. Балдардын арасында насвай, тамеки

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Кыздар кеңешинин төрайымы: Кыргызстанда никеге туруунун расмий курагы 18 жаш. Бул мыйзам күчүнө кирсе, жашы жете электерге диний жөрөлгө менен нике кыюуга жол берген тараптар үчүн кылмыш жоопкерчилиги киргизилет. Бул үчүн үч жылдан беш жылга чейин эркинен ажыраткан жаза чарасы каралган.

**Жогорудагыларды угуп чогулуш токтом кылат:**

**1.**Кыздардын тартибин,жүрүм-турумун көзөмөлдөө жагы мектептин соц педагогу жана тарбия иштеринин уюштуруучусуна милдеттендирилсин

Чогулуштун төрагасы: Тезекбаев М

Чогулуштун катчысы: Арыкбаева Ү

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ НАРЫН ОБЛУСУ КОЧКОР РАЙОНУ АЗИС АБДЫКЕРИМОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ КОЧКОРСКИЙ РАЙОН СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ АЗИСА АБДЫКЕРИМОВА |
|---|---|---|

## ЖОИИнын Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинде өтүлгөн ата-энелер чогулушунун токтому

Күнү 16-февраль 2022-жыл
Чогулуштун төрагасы: Тезекбаев М
Чогулуштун катчысы: Арыкбаева Ү
Ата-энелердин саны-32
Мугалимдер-20
Катышкандар-52
ЖОИИнын аймактык тескөөчүсү миллициянын лейтенанты В.Тиленбекова

**Күн тартибинде каралуучу маселелер-3**
**1-Кылмыштуулукту алдын алуу**
**2-Психотроптук заттардын зыяндуулугу**
**3-Жаны жылдык олтуруштарды болтурбоо**

Угулду **1-маселе** боюнча ЖОИИнын аймактык тескөөчүсү миллициянын ага лейтенанты В.Тиленбекованын сөзү Урматтуу ата-энелер биздин бүгүнкү темабыз «Кылмыштуулуктун алдын алуу» боюнча өтүлмөкчү.Кылмышты ким жасайт жана эмне үчүн, эмне түрткү берет. Азыркы учурда кылмыштуулукка алып барып жаткан өзүбүз себеби балдарыбызга кымбат баалуу телефондорду алып берип жатабыз.Ал телефон менен түнкү саат 3-4 чейин отуруп алып ар кандай оюндарга,ватсап менен ар кандай группаларга, сайттарга кирип, кылмыштуулукка суицидке барып жатат. Ал телефонду бири-биринерге атаандашып алып берип жатасыздар.Жакында эле үч айылдын балдары вотсапка кирип алышып,ким кыйын деп урушуп чыр чыгып териштирип келсек телефондон чыккан чыр экенин далилдедик.Телефон менен сүйлөшүп жатканын кандай сайттарга кирип жатканын карап туруу ар бир ата-эненин милдети.Телефонду мектепке алып келгенге тыюу салынат.Дүкөндөргө 18 жашка чейинки балдарыныздарды жибербениздер.Эгерде арак тамеки насвайга жиберип кармалып калсанар, дүкөндөргө 10000сом ,ата-энелерге 5000 сом штраф салынат.
**2-маселе** боюнча ИДН кызматкери төмөндөгүлөрдү айтып өттү Психотроптуу заттардын зыяндуулугу. Психотроптук заттарга клей,насывай,матор жуучу майлар(карп) кирет.Азыркы учурда көпчүлүк мектеп жашындагы окуучулар жыттап алып колдонушууда.Насывайды

тамеки ордуна пайдаланып чегип жатышат.Себеби тамекини чексе жыттанат,ал эми насывай жыттанбайт.Муну колдонуучулар 7-8-9-10-11-класстардын эркек балдары,ошондуктан эркек балдардын ата-энелери көбүрөөк көнүл бөлүп чөнтөк, сумкаларын текшерип турунуздар дейт элем.Психотроптуу заттарды жыттап алып эч нерсе кылганын билбей кылмыштуулукка барышат.

**3-маселе** боюнча. Урматтуу ата-энелер Ар бир айылдарда жогорку класстын окуучуларынын арасында ата-энелер менен бирдикте шерине берип,ага 3-4 ата-эне биригип алып балдарга олтуруш уюштуруп беришет.Мына ушундай көрүнүштөргө тыюу салсак деп айтаар элем.Биз дайыма кечинде рейд кылып жатабыз.Эгерде ошол учурда отуруш уюштуруп, балдарынар менен отурсанар штраф салынарын эскерте кетем. Отуруш уюштурган үйгө 5000-10000сомгочейинки штраф салынат.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Добулова Үпөл Туура жогорудагылардын бардыгына өзүбүз күнөөлүбүз.Себеби:кымбат телефонду өзүбүз алып берип жатабыз,акча сураса берип жатабыз,бир нерселерди атаандашып алып берип жатабыз.Мындан ары мындай көрүнүштөрдү токтотсок. Муратбек кызы Динара : Биздин айылда дүкөндөрдө эч ким окуучуларга арак,тамеки, насывай бербейт.Отуруш болбойт.Мектептен буйрук чыгып 5 жылдан бери тыюу салынган. Башталгыч класстын окуучулары да белек алышпайт.Телефон болсо өзүбүздө күнөө.

**Жогорудагыларды угуп чогулуш токтом кылат:**

**1.**Мектеп окуучуларынын телефон колдонуусун жана ага көзөмөл кылуусуна ар бир ата-энеге милдеттендирилсин
**2.**Ар кандай отуруш болтурбоо жагы ар бир ата-энеге жана мектептин класс жетекчилерине бекитилсин.
**3.**ПАЗды колдонууга көз салуу жагы ар бир ата-энеге, класс жетекчилерге милдеттендирилсин

Чогулуштун төрагасы: Тезекбаев М

Чогулуштун катчысы: Арыкбаева Ү

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ НАРЫН ОБЛУСУ КОЧКОР РАЙОНУ АЗИС АБДЫКЕРИМОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ КОЧКОРСКИЙ РАЙОН СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ АЗИСА АБДЫКЕРИМОВА |
|---|---|---|

**2022-2023-окуу жылынын Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинде ИДН кызматкери менен биргеликте өтүлгөн чогулушунун**

**ПРОТОКОЛУ**

Күнү: 15-ноябрь 2022-жыл Ак-Талаа айылы

Чогулуштун төрайымы: Э.Насирова

Чогулуштун катчысы: А.Жоодатов

Чогулушка катышкан мугалимдердин саны: 11

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер: 2

Катышкан окуучулардын саны: 37

1) Кылмыштуулуктун алдын алуу.
2) Суицит, рекетчилик, аракечтик.

БИИнин аймактык тескөөчүсү, милициянын ага лейтенанты Тиленбекова Венера төмөндөгүлөргө токтолуп, түшүндүрүү иштерин жүргүздү. Кылмыштуулуктуу алдын алуу боюнча эң биринчи кезекте кечинде көчөгө чыкпоо, бири биринерге салык салбоо, өзүңөрдөн улууларга кичүүлөргө акарат келтирбей, сыйлоо керек. Кечинде саат 19:00дөн баштап көчөдө жүрбөш керек, себеби бирөөнүн үйүнөн кандайдыр бир нерсе жоголсо, же кеч киргенде көчөдөн машина катуу келе жатып коюп кетсе күнөөлүү болуп каласың. Бирөөлөрдү ызалантып же сени бирөө ызалантса сөзсүз эле өзүн өзү өлтүрүүгө алып барыш керек деп ойлойсунарбы? Муну башка бирөөлөр менен айтып чечип алса болобу? Адамдын жашоосу өзү эле кыска, сөзсүз өзүн өзүн өлтүрүүгө баруу керек эмес.

Азыркы учурда эң кеңири көйгөй – бул аракечтик, тамеки чегүү, насвай алдыңкы орундарда турат. Арак ичүү бул адамдын организмине терс таасирин тийгизип, мээнин клеткаларын жабыркатат. Азыркы учурда

силердин организмиңер андай нерселерге туруштук бере албай, тез жаман адаттарга көнүп кетесиңер. Аракечтик бул негизи окуучулар олтурушка барганда башталат. Ошондуктан олтуруштарды болтурбоо керек. Дүкөндөргө улуу адамдар аракка же тамеки, насвайга жумшаса барбоо керек. Себеби жашы жете элек өспүрүмдөргө арак, тамеки, насвай сатылбайт.

Жогорудагыларды угуп чогулуш ТОКТОМ кылат:

1. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү,көзөмөлдөө жагы мектептин тарбия иштеринин уюштуруучуна милдеттендирилсин.

Чогулуштун төрайымы: Э.Насирова

Чогулуштун катчысы: А.Жоодатов